**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

| | |
|---|---|
| **Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган** | **БЕКИТЕМИН** |
| | **Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор** |
| **№ 5 - протокол** | **К.Ж. Усенов ____________** |
| **«5» 03 2026 г.** | **«____» ____________ 2026 г** |

# Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖААТЫНДАГЫ САЯСАТЫ

**Манас - 2026**

**Мазмуну**


**1-бөлүм. Жалпы жоболор** ... 3

**1-глава. Колдонуу чөйрөсү** ... 3

**2-глава. Терминдер, максаттар жана милдеттер** ... 3

**3-глава. Туруктуу өнүгүү принциптери** ... 5

**4-глава. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү** ... 5

**2-бөлүм. Ишмердүүлүктүн багыттары** ... 5

**1-глава. Улуттук экономиканын туруктуу өнүгүүсүнө көмөктөшүү** ... 5

**2-глава. Экологиялык таасирди башкаруу** ... 7

**3-глава. Социалдык жоопкерчилик** ... 7

**4-глава. Жоопкерчиликтүү ишмердүүлүк жүргүзүү жана башкаруу** ... 8

**3-бөлүм. Ишке ашыруу механизмдери** ... 8

**1-глава. Жоопкерчиликти бөлүштүрүү** ... 8

**2-глава. Интеграция жана тобокелдиктерди башкаруу** ... 9

**3-глава. Маалыматтардын ачык-айкындуулугу** ... 9

**4-бөлүм. Жыйынтыктоочу жоболор** ... 9

**1-бөлүм. Жалпы жоболор**

**1-глава. Колдонуу чөйрөсү**

1. Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) туруктуу өнүгүү жаатындагы Саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Университеттин Өнүгүү стратегиясына жана ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

2. Саясат ESG (экологиялык, социалдык жана башкаруу) тармагындагы негизги глобалдык принциптерди, ошондой эле БУУнун 17 Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) жана БУУнун Глобалдык келишиминин принциптерин эске алат.

3. Саясат Университеттин туруктуу өнүгүү жаатындагы ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын системага салуучу негизги документ болуп саналат.

4. Саясаттын максаты – Университеттин туруктуу өнүгүү жаатындагы миссиясын, көз карашын, негизги принциптерин, багыттарын жана милдеттерин белгилөө, башкаруу системасын жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүсүн так көрсөтүү болуп саналат.

5. Саясатты университеттин бардык структуралык түзүмдөрү, профессордук-окутуучулук курамы, кызматкерлери жана студенттери аткарууга милдеттүү.

6. Саясат ачык-айкын документ болуп саналат жана Университеттин расмий сайтында жайгаштырылат.

**2-глава. Терминдер, максаттар жана милдеттер**

7. Саясатта төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

- **Туруктуу өнүгүү** – бул, Университет өз ишмердүүлүгүнүн айлана-чөйрөгө, экономикага жана коомго тийгизген таасирин башкарып, келечек муундардын мүмкүнчүлүктөрүн бузбастан туруп, азыркы замандын керектөөлөрүн канааттандырууну көздөгөн прогресстин үлгүсү болуп саналат.
- **ESG** – экологиялык (Environmental), социалдык (Social) жана башкаруу (Governance) аспектилерин камтыган башкаруу концепциясы.
- **Кызыкдар тараптар (Стейкхолдерлер)** – Университеттин ишмердүүлүгүнө таасир этүүчү же анын таасирине дуушар болгон жеке жана юридикалык жактар, адамдардын топтору (студенттер, ППК, кызматкерлер, КР Билим берүү жана илим министрлиги, өнөктөштөр, иш берүүчүлөр, жергиликтүү коомчулук ж.б.).
- **Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ)** – БУУ тарабынан 2030-жылга чейинки мезгилге кабыл алынган 17 глобалдык максат.

8. Университеттин туруктуу өнүгүү жаатындагы **максаты** – Кыргызстандын жана жалпы Евразия аймагынын гүлдөп-өнүгүшүнө көмөктөшүүчү атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо үчүн туруктуу өнүгүү принциптерин билим берүүнүн, илимий-изилдөө жана чарбалык ишмердүүлүктүн бардык аспектилерине интеграциялоо.

9. Университеттин **милдеттери** болуп төмөнкүлөр саналат:

- туруктуу өнүгүү принциптерин билим берүү программаларына жана илимий изилдөөлөргө интеграциялоо;
- «жашыл» экономика жана туруктуу өнүгүү жаатында компетенцияларга ээ болгон кадрларды даярдоо;
- айлана-чөйрөгө терс таасирди азайтуу;
- гендердик теңчиликти, инклюзивдүүлүктү жана билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

- башкаруунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү механизмдерди киргизүү.

## 3-глава. Туруктуу өнүгүү принциптери

10. Университет төмөнкү принциптерди жетекчиликке алат:

- Мыйзамдуулук жана улуттук салттарды сыйлоо;
- Академиялык чынчылдык жана эркиндик;
- Экологиялык жоопкерчилик;
- Социалдык адилеттүүлүк жана инклюзивдүүлүк;
- Ачык-айкындуулук;
- Коррупцияга каршы күрөшүү.

11. Университет адам укуктары, эмгек, айлана-чөйрө жана коррупцияга каршы күрөшүү жаатында БУУнун Глобалдык келишиминин принциптерин колдойт.

## 4-глава. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү

12. Университет кызыкдар тараптар менен диалогдун маанилүүлүгүн тааныйт жана эффективдүү коммуникацияны түзүү үчүн Кызыкдар тараптын Картасын иштеп чыгат.

# 2-бөлүм. Ишмердүүлүктүн багыттары

## 1-глава. Улуттук экономиканын туруктуу өнүгүүсүнө көмөктөшүү

13. **Университеттин Миссиясы** – коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө теориялык жана практикалык салым кошо алган, глобалдык атаандаштыкка багытталган, жогорку квалификациялуу илимий жана кесипкөй кадрларды даярдоо.
14. **Университеттин ниети** – Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетин билим берүү жана илимий-инновациялык ишмердүүлүгүн модернизациялоо аркылуу өзгөрүп жаткан эмгек рыногунун талаптарына жооп берген, бардык багыттарда толеранттуулукту үгүттөгөн, ийгиликтүү иштеп жаткан компетенттүү уюмга айландыруу. Университет өлкөнүн туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылган жогорку квалификациялуу жана кесипкөй кадрларды даярдоого, улуттук жана эл аралык билим берүү мейкиндигинде өз позицияларын бекемдөөгө умтулат.
15. **Стратегиялык максаттар**:

- ЖАМУнун республикадагы эң абройлуу, заманбап жана коомдо суроо-талапка ээ болгон жогорку окуу жайы катары туруктуу өнүгүүсүнө көмөктөшүү.
- Иш берүүчүлөрдүн талаптарына жана коомдун социалдык заказына ылайык, университетти инновациялык өнүктүрүү аркылуу билим сапатын камсыздап, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн квалификациялуу адистерин, магистранттарды, аспиранттарды жана докторанттарды даярдоону камсыз кылуу.
- Заманбап билим берүүнүн жаңы моделдерине шайкештикти камсыз кылуу жана ЖАМУну **«Университет 4.0»** моделине өнүктүрүүнүн «жол картасын» иштеп чыгуу.

16. Белгиленген миссиянын алкагында натыйжалуу иштөө жана стратегиялык максаттарга жетүү үчүн Университеттин милдеттери:

- туруктуу өнүгүү принциптерин (ТӨМ) бардык билим берүү программаларына жана илимий изилдөөлөргө интеграциялоо;
- илимий ишмердүүлүктү коммерциялаштыруу жана студенттердин практикага багытталган окуусун камсыз кылуу үчүн экономиканын реалдуу сектору менен өнөктөштүктү өнүктүрүү;
- билим берүүнүн жана башкаруунун сапатын жогорулатуу үчүн инновациялык технологияларды жана санариптик чечимдерди («Университет 4.0» концепциясынын негизинде) киргизүү;
- академиялык мобилдүүлүк жана чет элдик окумуштууларды тартуу үчүн шарттарды түзүү;
- студенттик жана академиялык чөйрөдө толеранттуулуктун, инклюзивдүүлүктүн жана маданияттар аралык диалогдун баалуулуктарын илгерилетүү.

## 2-глава. Экологиялык таасирди башкаруу

17. Университет «Жашыл кампус» принциптерин (энергия натыйжалуулугу, калдыктарды өзүнчө чогултуу, сууну жана кагазды үнөмдөө) киргизүү жолу менен экологиялык зыянды минималдаштырууга умтулат.

18. Университет студенттердин жана кызматкерлердин арасында экологиялык маданиятты өнүктүрөт, айлана-чөйрөнү коргоо темаларын окуу курстарына киргизет.

## 3-глава. Социалдык жоопкерчилик

19. Университет жынысына, улутуна, тилине же физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан, бардык студенттер жана кызматкерлер үчүн

бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга, жеткиликтүү (инклюзивдүү) чөйрөнү түзүүгө милдеттүү.

20. Университет коопсуз эмгек жана окуу шарттарын камсыз кылат, эмгекти коргоо жана ден соолукту сактоо системасын тынымсыз өркүндөтөт.

21. Университет үзгүлтүксүз билим берүү системасын (квалификацияны жогорулатуу, кадрларды кайра даярдоо) колдойт жана өнүктүрөт.

### 4-глава. Жоопкерчиликтүү ишмердүүлүк жүргүзүү жана башкаруу

22. Университеттин ишмердүүлүгү каржылык агымдардын ачык-айкындуулугу, эффективдүү менеджмент жана "коррупцияга жол жок" деген принциптерге негизделет.

23. Университетте тартип бузуулар жөнүндө билдирүү үчүн кайтарым байланыш механизмдери (ишеним телефондору, кутучалары) иштейт.

## 3-бөлүм. Ишке ашыруу механизмдери

### 1-глава. Жоопкерчиликти бөлүштүрүү

24. **Окумуштуулар кеңеши** стратегияны аныктайт жана Саясатты бекитет.

25. **Ректорат** Саясаттын ишке ашырылышын камсыздайт жана иш-чаралардын пландарын («жол карталарын») бекитет.

26. Саясатты ишке ашыруу боюнча **иш-чаралардын пландары («жол карталары»)** Ректорат тарабынан **Университеттин Көзөмөл кеңеши менен макулдашылгандан кийин** бекитилет.

27. **Структуралык түзүмдөр** (кафедралар, институттар, бөлүмдөр) туруктуу өнүгүү принциптерин учурдагы ишмердүүлүккө киргизишет жана отчет беришет.

28. Ушул Саясатты ишке ашыруу боюнча иш-чараларды координациялоо жоопкерчилиги тиешелүү багыт (академиялык, илимий, административдик ишмердүүлүк) боюнча проректорлорго жүктөлөт. Саясаттын ишке ашырылышына жана белгиленген максаттарга жетишүүгө жалпы көзөмөлдү Университеттин **Ректору** жүзөгө ашырат.

## 2-глава. Интеграция жана тобокелдиктерди башкаруу

29. Туруктуу өнүгүү принциптери стратегиялык планга, билим берүү программаларына жана чарбалык ишмердүүлүккө интеграцияланат.

30. Университет тобокелдиктерди (репутациялык, экологиялык, социалдык) баалоо жүргүзөт жана аларды жалпы тобокелдиктер реестрине киргизет.

## 3-глава. Маалыматтардын ачык-айкындуулугу

31. Университет жыл сайын туруктуу өнүгүү жөнүндө отчетту (жылдык отчеттун курамында же өзүнчө документ катары) өзүнүн расмий сайтында жарыялоого милдеттүү.

## 4-бөлүм. Жыйынтыктоочу жоболор

32. Саясат бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

33. Саясатка өзгөртүүлөр жана толуктоолор Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.